**Дем берүүчү грант боюнча:**

2023-жылы дем берүүчү гранттар беренесинин эсебинен каржылоого 2 долбоор сунушталган. Алар:

-“Чимген айылынын Т.Жакып жана Р.Темирбаев көчөлөрүнө асфальт төшөө” долбоору, жалпы суммасы 10 220 268 сом, анын ичинен жергиликтүү бюджеттин эсебинен 7 645 329 сом жана республикалык бюджеттен 2 574 939 сом акча каражаты каралган. Асфальттоо иштери бүткөрүлгөн.

-“Барчын” балдар бакчасынын жылытуу системасын жана канализациясын капиталдык оңдоо” долбоору, жалпы суммасы 3 484 337 сом, анын ичинен жергиликтүү бюджеттин эсебинен 753 749 сом жана республикалык бюджеттен 2 730 588 сом акча каражаты каралган. Долбоор толугу менен ишке ашырылган.

**Айыл чарба тармагы боюнча:**

Раззаков шаарынын аймагындагы айыл чарба багытындагы мамлекеттик фондунун жерлеринин жалпы айдоо аянты 1398 га., анын ичинен: ижарага берилген суулуу айдоо жер аянты - 164 га., кайрак айдоо жер аянты - 772 га., чөп чабынды жер аянты - 155 га., бак-дарактар - 85 га. Жалпысынан 222 га. кайрак, чөп чабынды жерлер экономикалык жактан пайдасыздыгы, алыстыгы, таштактуулугу боюнча ижарага берилген жок.

2023-жылга карата айыл чарба багытындагы мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берилген жерлердин ижара акысы жылдык планда 1 634 000 сомго бекилгенболсо, аткарылышы 1 639 400 сомго аткарылып, пайыз менен алганда 101% түзгөн. 2022- жылга салыштырмалуу 97 600 сомго ашыкча жыйналган.

4087 га. жазгы кылкандуу дан эгиндери эгилди, анын ичинен: 1020 га. сугат, 3067 га. кайракты түзөт. Мында 2339 га. буудай, 1748 га. арпа. Дандык жүгөрү 188 га., картошка 137 га., жашылча (капуста, бадыраң, помидор, сабиз, чеснок, жана башка жашылчалар) 140 га., май өсүмдүктөр 65 га., Эски көп жылдык чөп (беде, эспарцет)- 1718 га., жаңы эгилген беде 291 га., аңызга калган жер 204 га., питомник 25 га. Бардык пайдаланган жер 6855 га., пайдаланбаган жер 144 га. Бардык айдоо жер - 6999 га.

Раззаков шаарынын мэриясы тарабынан 2023-жылдын түшүмү үчүн кылкандуу дан эгиндерин айдоо гектарына 3000 сомго, дан сепкич менен себүү 1400-1500 сомго белгиленген. Комбайн менен оруп жыйноо (80-90% кайрак айдоо жерлер) 3000 сомго, чөпоруу 1300-1500 сомго, чөп жыйнагыч 1200-1300 сомго, чөп таңгактоо 15-20 сомго

(күйүүчү майдын баасынын өзгөрүшүнө карап) белгиленген, аткарылышы көзөмөлгө алынган.

Раззаков шаары боюнча 116 даана айыл чарба техникалары бар, анын ичинен: комбайндар 12 даана (8 комбайн жаны типтеги, 4 комбайн эски типтеги), трактор 52 даана, дан сепкич (сеялка) 8 даана, трактор “косилкасы” 15 даана, кичитрактор 9 даана, чөп таңгактагыч 20 даана.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 17- декабрындагы №309 токтомун аткарууга алып, Лейлек райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыгына Раззаков шаарынын аймагындагы мамлекеттик кайра бөлүштүрүү фондунун бардык жерлеринин 50% өткөрүлүп берилген, тактап айтканда сугат айдоожерден 82 га., кайрак айдоо жерден 458 га., чөп-чабынды жеринен 116 га., бак-дарактан 42га.

2023-жылга карата 41390 ц. буудай, 23240 ц. арпа, 10720 ц. жүгөрү, 190 ц. дан буурчагы, 18560 ц. картошка, 25532 ц. жашылча, 7250 ц. мөмө-жемиш жыйналды.

Эт 24990 ц., сүт 54840 ц., жүн 541 ц. түздү, 728 000 даана жумуртка алынды. 2024-жылдын түшүмү үчүн 815 га. жер аянтына буудай жана арпа себилди.

**Ветеринардык тармак боюнча:**

Раззаков шаарынын жана шаарга караштуу айылдардын аймагынан жыл ичинде кутурма ылаңынын алдын алуу максатында 730 баш жолбун иттер жок кылынды.

Ветеринардык сервистердин кызматкерлери тарабынан Ящур ылаңына каршы 9852 баш, Бруцеллезго каршы 5300 баш, "Штамп 19" каршы 332 баш, ал эми 26 800 баш майда мүйүздүү жандыктар Оспа ылаңына каршы эмделди.

Кутурма оорусунун алдын алуу максатында жана Гельминтоздорго каршы 523 баш иттер эмдөөдөн өткөрүлдү. 1400 даана үй канаттуулары Чума оорусуна каршы эмделди.

СИОЖ программасы аркылуу жыл ичинде малдардын жана жеке ветеринарлардын бардык кыймыл-аракеттери көзөмөлгө алынган.

**Социалдык тармак боюнча:**

Жыл ичинде Раззаков шаарынын аймагында турмуштук оор кырдаалда жашаган 73 үй-бүлөгө кайрылган арыздарын канааттандыруу максатында 402 635 сом акчалай жардам көрсөтүлдү: - Онкологиялык ооруу менен ооруган 30 жаранга 216 528 сом, кургак учук менен ооруган 5 жаранга 35 250 сом, турмуш-шарты өтө оор 32 үй-бүлөлөргө 132 857 сом жана КОС жана КОГ менен оруган 6 жаранга 18 000сом өздүк эсебине которулуп берилди.

Ооган согушунун 20 ардагерлерине 40 000 сом, ЧАЭСтердин 5 катышуучусуна 25000 акчалай жардам берилди.

Улуу Жеңиштин 78 жылдыгына карата 14 тылдын ардагерине 101 598 сом акчалай жана белектер уюштурулду. Энелер күнүнө карата 149 890 сом, 1-июнь-Бүткүл дүйнөлүк балдарды коргоо күнүнө карата 59 600 сом, "Алтын-Бешик" эс алуу лагерине 11 баланынэс алып келүүсү үчүн 77 000 сом акча каражаты бөлүнүп берилди.

"Социалдык адилетүүлүктүн Бүткүл дүйнөлүк күнүнө" карата турмуш-шарты өтө оор жана майыптыгы бар 53 үй-бүлөлөргө жергиликтүү бюджеттин эсебинен жалпы суммасы 161 000 сом акчалай жардам көрсөтүлдү.

Раззаков шаарында жана шаарга караштуу айылдарда жашаган социалдык коргоого муктаж болгон жарандарга 2023-2024-жылдардын күз-кыш мезгилине көмүр менен камсыздоо үчүн 605 277 сомдук (61 тонна 705 кг) көмүр 200 жаранга таркатылды:

60 жакыр үй бүлөлөргө, 53 майыптыгы бар жарандарга, 11 тылдын ардагерлерине, 4 соцжетим балдары бар үй-бүлөлөргө, 22 жарым жетим балдары бар үй-бүлөлөргө, 1 тоголок жетим баласы бар үй-бүлөгө, 4 "Исфана-Таза суу" муниципалдык ишканасынын кызматкерлерине, ар бирине 301 кг.дан б.а 7 каптан, ал эми 18 "Лейлек-Тазалык" муниципалдык ишканасынын кызматкерлерине, 27 Жалгыз бой карыяларга, ар бирине 215 кг.дан б.а 7 каптан көмүр берилди. Жалпы 200 үй-бүлөгө көмүр таркатылып берилди.

1-октябрь - Карылар күнүнө карата 235 000 сом жумшалды, а.и. 125 карыяга 1000 сомдон, Сүлүктү карылар үйүнө 5000 сом, сый-тамак уюштурууга 105 000 сом.

3-декабрь - Эл аралык Майыптар күнүнө карата 148 майытыгы бар жарандарга148 000 сом, "Кулунчак" калыптандыруу борборунда тарбияланып жаткан 30 балага 30 000 сомго белек жана 31 800 сом өздүк эсептик счетуна которулуп берилди. КОС жана КОГ мүчөлөрүнө ысык тамак уюштуруу үчүн 5 000 сом акча каражаты эсептик счетуна которулуп берилди.

Раззаков шаарынын аймагындагы мектеп окуучуларына жагымдуу жаңы жылдык маанай тартуулоо менен "Балаты 2024" мэрдин балатысы уюштурулуп 48000 сом акча каражаты жумшалды.

Раззаков шаарынын мэриясынын социалдык коргоо статьсынын эсебинен жыл ичинде 2 119 800 сом жумшалган.

**“Санарип Аймак” программасынын аткарылышы боюнча:**

“Санарип Аймак” мамлекеттик тутумуна Раззаков шаары жана шаарга караштуу айылдар боюнча кожолуктун саны 6094 болсо, анын ичинен 5397 кожолук катталып,аткарылышы пайыз менен алганда 88,5% түзгөн, ошондой эле жыл ичинде калктын саны 32694 болсо, анын ичинен 26152 жаран катталып, аткарылышы 80.0% түздү. Жарандарды каттоо иштери үзгүлтүксүз жүрүп жатат.

**Коммуналдык, суу чарба жана өзгөчө кырдаалдар боюнча:**

2023-жылдын ичинде Раззаков шаарына караштуу Раззаков-1, 2, 3, 4, 5/6, Голбо, Тайлан, Ак-Булак, Чимген, Беш-Бала, Кара-Таш, Самат жана Ак-Босого айылдарындагы кооптуу 13 участкалары боюнча карта, схемалары, чиймелери чийилип, сүрөттөрү алынды жана Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине жана облустук, райондук бөлүмдөрүнө каттар жөнөтүлдү.

Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин атайын кырсыктын алдын алуу иш-планынын негизинде Раззаков шаарына караштуу Ак-Булак, Нооданек, Чынар участкаларынын кооптуу жерлерине габион торчолорун орнотуу иштери жергиликтүү эл менен биргеликте жүргүзүлдү, орнотулган 300 даана габион торчого 168,0 тоннадан ашуун таш ташылды. “Исфана-1”, “Исфана-2” сайларынын 650 метрден ашуун сай ичи жеке ишкерлердин колдоосу менен механикалык тазалоо иштери жүргүзүлдү.

Самат айылынын Беш-Бала участкасындагы мурда (СССРдин убагында) калган зыяндуу заттар чыгарылып, таштанды таштоочу жерге жеткирилди жана талапка ылайык жок кылынды.

Голбо айылынын Куру-Голбо участкасындагы шагылга толгон сай ичинин 350 метр аралыгы Раззаков шаарынын мэриясынын атайын техникалары менен тазаланды, ошондой эле Раззаков - 1/2 айылынын “Исфана-2” сайынын 200 метр аралыгы тазаланды.

Раззаков шаарынын мэриясы тарабынан атайын сел кырсыгынын алдын алуу максатында кооптуу участкаларындагы сайлардын жээктерин тазаланып, 2000 ден ашуун тал-теректердин көчөттөрү АӨӨБКинин төрагалары менен биргеликте отургузулду. 2023- жылдын май, июнь айларында болгон табигый кырсыктан (селден) жабыр тарткан шаардын, айылдардын ички, тышкы 20 км жолдору, арыктардын баштары тазаланды.

**Иш кагаздары боюнча**

Раззаков шаарынын мэриясында иш кагаздарын жүгүртүү толук бойдон “Инфодокс” ЭКА тутуму аркылуу жүргүзүлөт.

-2023-жыл ичинде жогорку органдардан жана башка ар түрдүү мекеме- ишканалардан жалпы 1833 каттар, нормативдик укуктук актылар кириштелип, аткарууга алынган, а.и. Лейлек районунун мамлекеттик администрациясынан 272 каттар, токтомдор, буйруктар, чечимдер ж.б. катталган.

Жыл ичинде шаар мэриясы тарабынан 2663 каттар чыгышталган.

Раззаков шаарынын мэриясында жалпы 848 жарандардын арыздары, кайрылуулары катталган жана жооптору арыз ээлерине жеткирилген. Тагыраак:

| № | Иш кагаздарынын ж.б. аталышы | 2022-ж. | 2023-ж. | +/- |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Кабыл алынган токтомдор | 137 | 117 | -20 |
| 2 | Чыгарылган буйруктар | 289 | 316 | +27 |
| 3 | Кадрлар боюнча өздүк буйруктар | 103 | 87 | -16 |
| 4 | Иш сапарына жөнөтүү боюнча буйруктар | 57 | 52 | -5 |
| 5 | Жарандарга берилген маалымдамалар | 15080 | 610 | -14470 |
| 6 | Көзү өткөн жарандарга берилген маалымдама ф-50 | 352 | 174 | -178 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 7 | Убактылуу каттоого алынган жарандар | 242 | 120 | -122 |
| 8 | Өткөрүлгөн конкурстар | 2 | 5 | +3 |
| 9 | Өткөрүлгөн аппараттык чогулуштар | 47 | 71 | +24 |
| 10 | Раззаков шаарынын мэринин жана орун басарынын кабыл алуусунда болгон жарандардын саны | 594 | 557 | -37 |

Арыз жана каттар боюнча:

| № | Иш кагаздарынын аталышы | 2022-ж. | 2023-ж. | +/- |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Жогорку органдардан, мекеме, ишканалардан келген иш кагаздарынын (токтом, буйрук, кат ж. б.) саны | 1390 | 1833 | +443 |
| 2 | Жарандардан келген арыздардын саны | 1123 | 848 | -275 |
| 3 | Тийиштүү жогорку органдарга, мекеме-ишканаларга, жарандарга жөнөтүлгөн чыгыш иш кагаздардын саны | 2576 | 2663 | +87 |

**<u>Аскердик каттоо боюнча:</u>**

2007-жылы төрөлгөн уландарды аскердик эсепке алгачкы каттоо боюнча алардын өздүк иш-кагаздары, делолору даярдалып, көрсөтүлгөн график боюнча медициналык комиссияга келүүсү камсыз кылынды. 2023-жылдын 28-февралына чейин 2007-жылы туулган 243 улан жана ар түрдүү себептер менен каттоодон өтпөй калган 2006-жылы туулган 4 улан аскердик эсепке алгачкы каттоодон өтүштү.

2023-жылдын 9-14-март күндөрү Лейлек районунун аймагында резервдик түзүлмөлөрдүн, мобилизациялык машыгуу учурунда Раззаков шаарынын мэриясынын кабар берүү участогу белгиленген тапшырмаларды ийгиликтүү аткарды. Аскердик жыйынга катышкан аскерге милдеттүүлөрдү кабарлоо, алардын аскер комиссариаты тарабынан көрсөтүлгөн мөөнөткө, жайга өз учурунда келишин, кайра кетиши камсыз кылынды. Жыйын өтүүчү жайга жеткирип, кайра алып келүү үчүн транспорт күйүүчү майы менен камсыз кылынды.

2023-жылдын март-май айларында жарандарды кыска мөөнөттүү аскердик жана альтернативдик кызматтарга чакыруу боюнча аскер комиссариатынан алынган нарядды аткаруу үчүн 674 чакырылуучунун аскердик каттоо маалыматтары такталып, 38 чакырылуучу аскердик кызматка, 65 чакырылуучу альтернативдик кызматка чакыруу үчүн алдын ала тандалып алынды. Кыска мөөнөттүү аскердик кызматка 15 улан, альтернативдик кызматка үй-бүлөлүк шарты боюнча 5 улан, диний ынанымдарын же коомдук пайдалуу жумуштарды аткарууга каалоосун билдиргенине байланыштуу 43 улан чакырылып, аскер комиссариаты тарабынан коюлган наряд толук аткарылды.

2023-жылдын 1-6- июнь күндөрү мэриянын кабарлоо участогунун өздүк курамы КМ Башкы уюштуруу мобилизациялык башкармалыгынын башчысынын планы боюнча өткөрүлгөн тактикалык-саптык машыгууларга катышты. Резервдик түзүлмөлөрдү практикалык жыйноо боюнча берилген көрсөтмө так аткарылып, аскерге милдеттүүлөр өз убагында кабарланды.

2023-жылдын сентябрь-ноябрь айларында жарандарды кыска мөөнөттүү аскердик жана альтернативдик кызматтарга чакыруу боюнча аскер комиссариатынан алынган нарядды аткаруу үчүн 644 чакырылуучунун аскердик каттоо маалыматтары такталып, 29 чакырылуучу аскердик кызматка, 68 чакырылуучу альтернативдик кызматка чакыруу үчүн алдын ала тандалып алынды. Чакыруу комиссиясынын чечими менен 21 чакырылуучу кыска мөөнөттүү аскердик кызматка, 54 чакырылуучу альтернативдик кызматка чакырылды.

2023-жылдын 21 - 23-ноябрь күндөрү Лейлек районунун аймагында өткөрүлгөн резервдик түзүлмөлөрдүн мобилизациялык машыгуу окуу жыйыны учурунда Раззаков шаарынын мэриясынын кабар берүү участогу белгиленген тапшырмаларды ийгиликтүү аткарды.

2023-жылдын 1-5-декабрь күндөрү шаар мэриясынын кабарлоо участогунун өздүк курамы КМ Башкы уюштуруу мобилизациялык башкармалыгынын башчысынын планы боюнча өткөрүлгөн тактикалык-саптык машыгууларга катышты. Резервдик түзүлмөлөрдү сандык тактоо боюнча берилген көрсөтмө так аткарылып, аскерге милдеттүүлөр жөнүндө маалымат берилди.

2008-жылы төрөлгөн уландардын тизмелери такталды. Уландардын өздүк иш- кагаздары, делолору даярдалып, көрсөтүлгөн график боюнча медициналык комиссияга келүүсү камсыз кылынды. 2023-жылдын 18-декабрына чейин 2008-жылы туулган 252 улан аскердик эсепке алгачкы каттоодон өтүштү. Кандайдыр бир себептер менен аскердик эсепке каттоого келбей калган атуулдарды аныктоо иштери АӨӨБКинин төрагалары жана ИИБнүн аймактык инспекторлору менен бирге жүргүзүлүүдө.

2023-жыл ичинде шаардын аймагындагы альтернативдик кызмат өтөөчүлөрдөн республикалык бюджеттин эсебине төлөмдөрдү өткөрүү 100% толук аткарылды.

**Юридика тармагы боюнча:**

2023-жыл ичинде 12 административдик соттук отурумдар болуп, көпчүлүк соттук чечимдер Раззаков шаарынын мэриясынын кызыкчылыгына чечилген.

Жыл ичинде 76 кат, Раззаков шаарынын жашоочуларыдан ар түрдүү маселелер боюнча 108 арыз, Лейлек райондук прокуратурасынан 5 сунушу, Кыргыз Республикасынын Президентинин 5 Жарлыгы катталып, Раззаков шаарынын мэриясынын буйруктары менен аткарууга алынган.

Раззаков шаарынын мэриясына караштуу участкаларындагы кен байлыктар чыккан жер тилкелерин көзөмөлдөө жана лицензия алган жарандарга мыйзам чегинде пайдаланууга жана ижарага берүү жагына юридикалык баа берилүүдө.

Үй-бүлөлүк зордук-зомбулук боюнча жана үй-бүлөлүк пикир келишпестик мааниде жарандардан келип түшкөн арыздар Раззаков шаарынын Аксакалдар сотунда каралып, зордук-зомбулук боюнча түшүндүрүү жана профилактикалык иш чаралар жүргүзүлүп келүүдө.

Кыргыз Республикасынын Президентинин № 109-Жарлыгынын негизинде Ж. Өсөров, Эгембердиев, Т. Жакып көчөлөрүндө өзүм билемдик менен жер участокторун кенейтип, алган жарандардын тосмо дубалдарын буздуруу жана автоунаа жолдорун кенейтүү иштери аткарылган.

Азыркы учурда Раззаков шаарынын СССР 60 жылдык көчөлөрүндө жалпы пайдалануучу жер тилкелерине өзүм билемдик менен ар кандай курулуштарды куруп алган жарандарга имараттарды бузуп алуу боюнча эскертүүлөр берилген, алгачкы жолу мыйзамсыз курулуштар буздурулду, кыш мезгили келип калгандыктан бул иштер жаз айларында улантырылат.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 31-майындагы “Жер мунапысын жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу” №291- токтомун аткарууга алып Раззаков шаарынын аймагында мыйзамсыз курулуп калган турак жайлардын жер тилкелерин мыйзамдаштырып берүү боюнча иш аракеттер аткарылып, Раззаков шаарынын аймагында мыйзамсыз курулган 7 жарандардын турак үйлөрү боюнча тийиштүү мекеме-ишканалардан корутундулары алынып, Лейлек районунун мамлекеттик администрациясы тарабынан түзүлгөн райондук комиссияга сунушталып, комиссиянын чечимине ылайык мамлекеттик актылары даярдалып, жарандага тапшырылды. Бул багытта иштер улантылууда.

**Муниципалдык менчик департаменти боюнча:**

Раззаков шаарынын мэриясынын алдындагы муниципалдык менчик департаментинде азыркы учурда штат боюнча 25 кызматкер эмгектенет, анын ичинен 1 департаменттин башчысы, 3 башкы адис, 2 жетектөөчү адис, 1 адис, 1-оператор катчы, 5

АӨӨБКнын төрагалары, 2 айдоочу, 1 комендант, 8 кароолчу, 1 техникалык кызматкер эмгектенишет.

2023-жыл ичинде “Инфодокс” ЭКА тутуму аркылуу 1427 даана арыз-каттар катталган: анын ичинен жогорку органдардан жана мекеме ишканалардан келген 371 каттар, токтом, буйруктар жана жеке жарандардан 569, турак-жай куруу үчүн 202, жерди ижаралоо үчүн 86, ар түрдүү маселелер менен 285 арыз каттарга өз убагында жооп берилип аткарууга алынган.

Муниципалдык менчик департаментинин 2023-жылга бекилген жалпы киреше планы 1 500 000 сом бекилген болсо, аткарылышы 1 599 900 сомду түзүп, пайыз менен алганда 106% аткарылган. Анын ичинен атайын транспорт каражаттарынын планы 500 000 сом болсо, аткарылышы 506 900 сомду түзүп, калктуу конуштагы жерлердин ижара планы 1 000 000 сом болсо, аткарылышы 1 093 100 сомду түздү. 2022-жылга салыштырмалуу 226 900 сом ашыкча жыйналган. Андан сырткары дебитордук карыздардын эсебинен 942 000 сом өндүрүлгөн.

Раззаков шаарынын ички көчөлөрүндө РИИБ ЖКККнын кызматкерлери менен биргеликте тактоо иштери жүргүзүлүп, кээ бир жол белгилери алынып, тактап айтканда 80 даана жол белги орнотулду.

Кыргыз Республикасынын 2004-жылдын 2-апрелиндеги “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндөгү” №54-мыйзамынын, Лейлек районунун прокуратурасынын 2022-жылдын 20-майындагы №11/688-22 сунушунун негизинде, шаардын аймагындагы “Көрнөк-жарнактардын мамлекеттик жана расмий тилде жазылуусу боюнча” мыйзамга дал келбеген көрнөк-жарнактар, соода түйүндөрүнүн аталыштары жазуулары алынып, ирээтке келтирилүүдө жана шаардын Лейлек жана Исфана Эл базарынын алдыны ирээтсиз сатуучуларды базар ичине киргизүү боюнча иш жүргүзүлүп, бардык сатуучулар базардын ичине жайгаштырылууда.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 8-апрелиндеги “Жерлерди өзү билемдик менен мыйзамсыз ээлеп алуу фактыларын алдын алуу жана болтурбоо боюнча чаралар” жөнүндөгү ПЖ № 109-Жарлыгын турмушка ашыруу максатында шаар мэриясынын 2022-жылдын 14-сентябрындагы “Раззаков шаарынын жана шаарга караштуу айылдарынын аймагынан жолдун кызыл сызыгына мыйзамсыз курулган имараттарды жеринен кароо үчүн комиссиянын курамын түзүү жөнүндөгү” № 129-буйругу чыгарылып, комиссиянын курамы бекитилген. Комиссия тарабынан жолдун боюндагы жерлерди мыйзамсыз ээлеп алган жарандар аныкталып, Ж.Өсөров жана Э.Эгембердиев көчөлөрүндө кызыл сызыкка мыйзамсыз курулган 33 жарандардын курулуштарды бузулду, ошону менен бирге бул иштер көзөмөлгө алынды. Ушул Жарлыкка ылайык Раззаков шаарынын СССРдин 60 жылдыгы көчөсүндөгү көп кабаттуу үйлөрдүн аймагындагы мыйзамсыз курулмалар Раззаков шаарынын мэриясынын тийиштүү кызматкерлеринин, Лейлек райондук Ички иштер бөлүмүнүн милиция кызматкерлеринин ж.б. катышуусунда буздуруу иштери жүргүзүлдү жана андан ары жүргүзүлүшү көзөмөлгө алынды.

Раззаков шаарынын мэриясынын алдындагы муниципалдык менчик департаменти 2023-жыл ичинде аткарылуучу жумуштарга, көрсөтүлүүчү кызматтарга, сатылып алынуучу товарларга жалпы 121 мамлекеттик сатып алуулар өткөргөн. Анын ичинен 66 мамлекеттик сатып алууга эки тараптуу келишим түзүлгөн, алардын 59 мамлекеттик сатып алуулардын эки тараптуу келишимдерге ылайык курулуш иштери, кызмат көрсөтүүлөр жана товарлар толугу менен бүткөрүлүп, акча каражаттары которулуп берилген. Ошондой эле 7 курулуш объектилеринде бүгүнкү күндө аба-ырайынын өзгөрүшүнө жана курулуш нормаларын сактоо менен эки тараптуу макулдашууга ылайык иштер улантылып жатат. 55 мамлекеттик сатып алуулар, мамлекеттик сатып алуунунмыйзамына ылайык кайра жарыяланган.

**“Лейлек-Тазалык” муниципалдык ишканасы боюнча:**

Раззаков шаарынын санитардык абалын кароо, шаардын көрктөндүрүү, түнкү жарыктарды жана келишим түзгөн мекеме-ишканаларды жеке кожолуктарды тейлөө менен тазалыкты камсыздайт.

2023-жылга 5850 абонент (1598 жеке кожолук) менен келишим түзүлгөн, андан сырткары 27 мекеме уюмдар жана 171 коммерциялык түйүндөр менен келишимдер түзүлгөн. Белгиленген график боюнча жумуштар аткарылып, күнүнө 3-4 рейс, ишембилик болгон учурларында 6-7 рейс таштандылар алынып чыгарылууда. Келишимден баш тарткан мекеме, уюмдар жана коммерциялык түйүндөрдөн 89 адамды, жеке кожолуктардан 80 адамды түзөт.

2023-жылга карата кирeше планы 3 839 900 сом бекилген болсо, аткарылыш 3 933

582 сомду түзүп, анын ичинен мекеме ишканалардан 2 037 377 сом, жеке коммерциялык ишканалардан 572 248 сом, кожолуктардан 1 323 956 сом атайын эсепке түшкөн. Пайыз менен алганда 102,2% аткарылган. Аткарылышы 2022-жылга салыштырмалуу 1 643 100 сом ашыкча жыйналган.

2022-2023-жылдардын күз-кыш мезгилдерине карата жолдорго себилүүчү инерттикматериалдар сатылып алынып, 2023-жылдын январь, февраль айларында 31 тонна шлак, 2,3 тонна туз себилип ушул эле жылдын 12-13-декабрь күндөрү күн суук болуп, жолдор тоңуп тайгалак болгондуктан 13,3 тонна шлак, 1,9 тонна туз борбордук жана ички көчөлөргө себилди.

Ал эми жыл ичинде 2591 рейс же 7 773 т. таштанды, 276 рейс же 828 т. суюк таштанды чыгарылган, 639 рейс же 4 153 т. суу себилип, көрктөндүрүү боюнча гүлдөргө жана ийне жалбырактуу бак дарактарга суу коюлган. Шаардагы эс алуу бактарынан 30 рейс таштанды чыгарылган.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 3-мартындагы

№89-тескемесине ылайык “Жашыл мурас” улуттук компаниясынын ийгиликтүү өткөрүү жана Раззаков шаарынын аймагын санитардык абалын жакшыртуу, аймактарды көрктөндүрүүнүн 3 айлыгынын алкагында Раззаков-Аэропорт жолундагы “Талант-Ордо” эс алуу багына 465 даана можевельник, Ж.Исаев, Кошмуратов, И.Раззаков көчөлөрүнө жалпысы болуп 51 даана Тянь-Шань арчалары, “Лейлек-Тазалык” муниципалдык ишканасынын багына 30 даана алма, ал эми Раззаков шаарынын борбордук аянтына, көчөлөрүнө жалпысы болуп 5000 даана гүл көчөттөрү отургузулду.

Раззаков шаарынын көчөлөрүндөгү жана айылдардын түнкү жарыктарынын түндөсү күйүп туруусун жана күйбөй калган түнкү жарыктарды оң абалда туруусу камсыздалды. Өз учурунда иштебей калаган электр чырактары, чубалгылар, электр автоматтары ж.б жабдыктар алмаштырылды.

2023-жылдын 26-май күнү “Жигердүү жарандар” долбоорунун алкагында "Раззаков шаарынын таштандыга болгон социалдык жүрүм-турум нормаларын өзгөртүү" стратегиясын ишке ашыруу максатында уюштурулган Раззаков шаарындагы "Исфана" орто мектебинин жана Чимген айылындагы Т.Жапаров атындагы орто мектебинин окуучуларынын арасында "Таштандыга мүмкүнчүлүк бер" деген темада конкурс “Лейлек- Тазалык” муниципалдык ишканасында өткөрүлдү. Ошону менен бирге 2023-жылдын 20- сентябрь күнү USAIDдин “Жигердүү жарандар” долбоору боюнча “Коомчулукка муниципалдык ишкананын ишмердүүлүгү менен тааныштыруу” деген коомдук кенешмеси болуп өттү.

“Инсан-Лейлек” коомдук фондунун колдоосу менен “Лейлек-Тазалык” ишканасынын кызматкерлерине атайын кийимдер (униформа) жана “Талант-Ордо” эс алуу багына 497 метр чубалгы, 11 электр мамылары жана бир кичи суу скважинасын куруп, пйдаланууга берилди. Андан сырткары Кыргыз Республикасындагы Германия Федеративдик Республикасынын элчилиги тарабынан жогорудагы эс алуу багына 1 000 даана ийне жалбырактуу жана көп жылдык декаративдүү көчөттөрү алынып берилди.

Жаңы жылга карата 2023-жылдын 13-19-декабрь күндөрү шаардын борбордук аянтына Балатыны жана жаңы жылдык жасалголоолорду ишкананын жумушчулары тарабынан орнотулуп, элге жаңы жылдык маанай тартууланды.

**“Төө жайлоо” СПАсы боюнча:**

“Төө Жайлоо” СПАсынын 2023-жылга карата бекилген планы 704 480 сомду түзгөн. Аткарылышы 388 000 сом түзүп, пайыз менен алганда 55% аткарылды. Себеби Лейлек райондук суу чарба башкармалыгы менен 2023-жылга карата 2 516 000 м3 сугат суу үчүн келишим түзүлгөн болсо, үстүбүздөгү жыл кургак жана күн ысык болгондуктан, сугат суунун көлөмү азайып суу тартыштыгынан улам 1 386 000 м3 суу жеткирилип, сугат суунун 2023-жылга карата суммасы 388 000 сомду түзөт.

Ишкана шаардын аймагындагы 1616 га. сугат жерди суу менен камсыз кылат.

Вегетация өнөктүгүнө даярдык көрүүдө каналды жана лотокторду оңдоого 67 000 сом сарпталды. Насыя кайтарымына жылдын жыйынтыгы менен которулат. Лейлек районунун сотунун эсебине 110 000 сом которулду. 2023-жылга карата эмгек акыга 96 000 сом, киреше салыгына 9000 сом, социалдык фондуна 26 000 сом, башка ар түрдүү чыгымдарга 87 000 сом сарпталган.

Жаз айларында келген сел сугат суу каналын жана лотоктордун кээ бир жерлерин жараксыз абалга келтиргендиктен, ошону менен бирге эскирип, бузулган бөлүктөрүн оңдоп-түзөө, бетондоо иштери СПАнын жумушчулары тарабынан жүргүзүлдү.

**Раззаков Жайыт комитети боюнча:**

Раззаков шаарынын мэриясы тарабынан Раззаков Жайыт комитетине 15 651 га. жайыт аянты өткөрүлүп берилген, анын ичинен жазгы-күзгү 2907 га., жайкы 7100 га., кышкы 5644 га. түзөт.

Раззаков жайыт участкасында жайгашкан 48 короо жай такталып, келишимдери каралып чыгылды жана малчыларга жайытты пайдалануу боюнча иш пландары, мал жайытка чыгуу графиктери тааныштырылып маалымат жеткирилди. Жайыт комитетине түшкөн арыз каттар өз убагында тийиштүү жерлерге жөнөтүлүп, кабыл алынган иш пландар өз убагында аткарылууда.

Ала-Тамыр, Чеш-Дөбө, Кызыл-Кыштоо жайыт участкасындагы 9 км. жайыт жолдору авто грейдер менен тегизделип, күйүүчү майга 6000 сом каражат коротулду.

Таш-Кыя, Серпая жайыт участкаларындагы сел алып кеткен мал өтүүчү өтмөк жолдор авто грейдердин жардамы менен толтурулуп, 15 км. аралыгы тегизделип, жалпы кеткен акча каражаты 10 000 сомду түздү.

Кызыл-Кыштоо, Тегерек жайытына баруучу жолдор техниканын жардамы менен тегизделип, сел алып кеткен жерлер калыбына келтирилип,12 000 сом акча каражаты коротулду.

Шор-Булак жайыт участкасындагы каптаждалып, труба коюлган булактар тазаланды, суу топтолуучу резервуар жана суу түтүктөрү тазаланып, калыбына келтирилип, мал жандыктар суу ичүүчү ноолор бетондолду. Сметалык баасы 13 000 сомдутүздү.

Каптархана жайыт участкасындагы булактар тазаланып, 70 метр жерге суу түтүктөрү орнотулду. Сметалык баасы 5500 сомду түздү.

Раззаков шаарынын аймагындагы саранча баскан жайыт жерлер жана эгин талаалары химиялык жол менен дарыланды.

“Альфа Телеком”, “Нур Телеком” байланыш компаниялары менен келишим түзүлүп, 12 айга базалык станциялардан 150 000 сом түшүрүлдү.

Автогрейдер тарабынан иштер жол баракчасы менен белгиленип, аткарган иштери акттын негизинде муниципиалдык менчик департаменти тарабынан жайыт комитетинин эсебине 300 000 сом которулуп берилди.

Раззаков жайыт комитетинин пайдалануусундагы айыл чарба техникасы элге кызмат көрсөтүп, жайыт комитетинин бюджетине 120 000 сом өткөрүлдү.

Жалпы жайыт төлөмдөрү боюнча 2023-жылга карата план 1 959 000 сом бекитилген болсо, аткарылышы 1 960 100 сом болуп, пайыз менен алганда 100% аткарылды. Анын ичинен атайын транспорт каражаттарынын планы 500 000 сом болсо, аткарылышы 500 000 сомду түзүп, жайыт акы жана ижаралардын планы 1 459 000 сом

болсо, аткарылышы 1 460 600 сомду түздү. 2022-жылга салыштырмалуу 385 800 сом ашыкча жыйналган.

**<u>“Исфана -Таза суу” муниципалдык ишканасы боюнча:</u>**

“Исфана -Таза суу” муниципалдык ишканасынын 2023-жылга карата бекилген киреше планы 5 888 600 сом болсо, аткарылышы 5 913 000 сомго аткарылып, пайыз менен алганда 100,4% аткарылды. 2022-жылга салыштырмалуу 649 600 сом ашыкча жыйналган.

Раззаков шаарынын аймагындагы 620 кожолук короосунда суу түтүгү бар абонент,

560 кожолук көчөдөгү суу түтүгүнөн суу пайдалануучу абонент, 51 коммерциялык точкалар жана 41 мекеме-уюмдар менен келишимдер түзүлгөн.

Жыл ичинде Тегирменти суунун башындагы суу алуучу түтүгү, Раззаков шаарынын Додосьян, Жаштык, Колхоз, Жаны Конуш, И.Раззаков, А.Азизов, Р. Муминов, Т. Молдо, М.Жалилов көчөлөрүндөгү, Бозогул, Пулон участкаларындагы, Амир Темур мектебинин ж.б. бир топ участкалардагы суу түтүктөрүнө ондоп-түзөө иштери жүргүзүлдү.

Раззаков шаарынын Восточная, СССРдын 60-жылдыгы көчөлөрүнө “Ас-САФА” коомдук бирикмеси тарабынан кичи-скважиналар казылып, элге ичүүчү суу чыгарылып берилди.

“Раззаков шаарынын таза суу системасын реабилитациялоо” долбоорунун алкагында бүгүнкү күндө курулуш иштери боюнча Европа Өнүктүрүү жана реконструкциялоо банкы жана “Гидрофил Гмбх” компаниясы менен биргеликте мамлекттик сатып алуулар өткөрүлүп, жыйынтыгында “Каналет” ЖЧКсы менен эки тараптуу келишим түзүлүп, субподрядчы “Инженерная Зашита” ЖЧКсы менен курулуш иштери Тегирменти, Ай-Көл, Голбо участкаларында жүргүзүлүүдө.

Раззаков шаарынын Пулон участкасында жана Чимген айылынын Т.Жакып көчөсүндө таза суу түтүктөрүн ондоо иштери жүргүзүлдү.

Раззаков шаарынын мэриясы тарабынан тийиштүү материалдары алынып берилип “Исфана-Таза суу” муниципалдык ишканасынын жумушчулары тарабынан Бозогул участкасында 40 кожолука жана кызматтык үйлөргө жалпы узундугу 1,2 км аралыка суу түтүктөрү орнотулуп, ишкананын эсебинен суу эсептегичтери коюлуп пайдаланууга берилди.

## 1.1. Жергиликтүү маанидеги маселелер.

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

2021-жылдын 20-октябры № 123

## Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө

*(КР 2022-жылдын 28-ноябрындагы № 113, 2022-жылдын 1-декабрындагы № 114* Мыйзамдарынын *редакциясына ылайык)*

## 27-берене. Жергиликтүү маанидеги маселелер

1. Аймактын жашоо-турмушунун тутумунун иштешин жана өнүгүшүн, социалдык-экономикалык өнүгүшүн уюштуруу жана калкка социалдык жана маданий кызмат көрсөтүүлөрдү берүү үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагына жергиликтүү маанидеги төмөнкүдөй маселелер кирет:

1) тиешелүү аймактын экономикалык өнүгүшүн камсыз кылуу, ошондой эле инвестицияларды жана гранттарды тартуу;

2) муниципалдык менчикти башкаруу;

3) жергиликтүү бюджетти түзүү, бекитүү жана аткаруу;

4) калкты ичүүчү суу менен камсыз кылуу;

5) калктуу конуштарда канализациянын жана тазалоочу курулмалардын тутумунун ишин камсыз кылуу;

6) калктуу конуштардагы муниципалдык жолдордун иштешин камсыз кылуу;

7) жалпы пайдалануудагы жерлерге жарык берүүнү уюштуруу;

8) көрүстөндөрдүн иштешин жана расымдык кызматтардын көрсөтүлүшүн камсыз кылуу;

9) жалпы пайдалануудагы жерлерди көрктөндүрүү жана жашылдандыруу;

10) парктардын, спорттук курулмалардын жана эс алуу жайларынын иштешин камсыз кылуу, бош убакытты уюштуруу үчүн шарттарды түзүү;

11) турмуш-тиричилик калдыктарын жыйноону, ташып чыгарууну жана утилдештирүүнү уюштуруу;

12) муниципалдык транспорттун иштешин камсыз кылуу жана калктуу конуштардын чегинде коомдук транспорттун иштешин жөнгө салуу;

13) жергиликтүү маанидеги тарыхый-маданий мурастарды коргоо жана пайдалануу жагындагы контролдоо;

14) жергиликтүү маанидеги китепканалардын ишин уюштуруу жана камсыз кылуу;

15) жер пайдалануу эрежелерин белгилөө жана шаар куруу менен архитектуранын ченемдерин жана эрежелерин сактоону камсыз кылуу;

16) тиешелүү калктуу конуштун аймагында жарнакты мыйзамдарда белгиленген тартипте жайгаштыруу;

17) коомдук тартипти сактоого көмөктөшүү;

18) элдик көркөм чыгармачылыкты өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүү;

19) балдар жана жаштар менен иштөө боюнча иш-чараларды уюштуруу жана жүзөгө ашыруу;

20) дене тарбиясын жана массалык спортту өнүктүрүү үчүн шарттарды камсыз кылуу;

21) өзгөчө кырдаалдардын алдын алууга жана кесепеттерин жоюуга көмөктөшүү;

22) үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча чаралардын комплексин мыйзамдарда белгиленген тартипте жүзөгө ашыруу.

23) соттолгондорду кайра социалдаштырууга багытталган жазык-укуктук таасир этүүнүн эркинен ажыратуу жана мажбурлоо чарасы менен байланышпаган жазаларды уюштуруу жана аткаруу жана аларга жазык-аткаруу мыйзамдарына ылайык социалдык жардам көрсөтүү;

24) ветеринардык-санитардык жана карантиндик-чектөөчү чаралардын өз убагында өткөрүлүшүн камсыздоого көмөк көрсөтүү.

25) аскердик каттоо жүргүзүү, аскердик кызматка, резервдик түзүмдөргө, ыктыярдуу резервдик отряддарга жана мобилизациялык даярдоого чакырууну уюштурууга көмөк көрсөтүү.

## 1.2. СЭӨП иш-чараларын түзүүдө негиз болгон ченемдик актылар:

1. Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 **“Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө”** мыйзамы.

2. Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 10-сентябрындагы №113 **“Баткен облусунун статусу жөнүндө”** мыйзамы.

3. Кыргыз Республикасынын 2016-жылдын 16-майындагы №59 **“Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси”**.

4. Кыргызстанды өнүктүрүү боюнча негизги ченемдик укуктук акт бул Кыргыз Республикасынын 2018-жылдын 31-октябры ПЖ №221 Жарлыгы менен бекитилген **“2018-2040-жылдары Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясы”** болуп саналат.

Бул документте өлкөнүн регионДорун өнүктүрүү боюнча өзүнчө бөлүм каралган болуп региондорду өнүктүрүүдө артыкчылыктуу тармактары төмөнкүлөр тандалган:

- Өлкөнүн өнөр жай потенциалы;
- Агроөнөр жай комплекси жана кооперация;
- Жеңил өнөр жай кластерлери;
- Туризмди туруктуу өнүктүрүү;

Ошону менен бирге ар бир регион боюнча практикалык кадамдардын - иш жүзүндө аткарылуучу чаралардын тизмеги көрсөтүлгөн.

5. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 1-сентябрындагы № 159 (КПҮ) токтому менен бекитилген **“Баткен облусун 2021-2035-жылдары өнүктүрүү программасы”**.

## 1.3. Өнүгүүнүн социалдык-экономикалык болжолу жана 17 туруктуу өнүгүү максаттары (ТӨМ 17) менен шайкештиги.

Туруктуу өнүгүү максаттары – бул эл аралык коомчулуктун алдында турган жакынкы 15 жылда теңсиздик менен жакырчылыкты жоюу, социалдык интеграцияга жетишүү, глобалдык климаттын өзгөрүшүн токтотуу жана дүйнөнү куруу, мында биздин урпактардын татыктуу жашоосу үчүн ресурстардын жетиштүүлүгү болгон 17 максаттын жана 169 милдеттердин комплекси. Максаттар туруктуу өнүгүүнүн 3 негизги аспектисинен турган: экономикалык өсүштү, социалдык интеграцияны жана айлана чөйрөнү камтыган тең салмактуу прогрессти

камсыздоого багытталган чараларды өзүнө камтыйт алар глобалдуу жана универсалдуу мүнөздө болушат, бирок локалдуу контекстин шарттарына жараша дифференциалдуу өзгөрүү мүмкүндүгүнө жол берет.




2015-жылдын 25-сентябрында БУУнун 193 мүчө-мамлекеттери, а.и. Кыргыз Республикасы, туруктуу өнүгүү максаттарына жетүү боюнча милдетттенмелерди алышкан. Бул чечим «Биздин дүйнөнүн кайра түзүлүшү: 2030-жылга чейинки мезгилде туруктуу өнүгүү жаатындагы күн тартиби» документинде бекитилген.

## **“ТӨМ-17” 2024-2026 – жж. өнүктүрүү программасынын иш-чараларында:**

| | |
|---|---|
| 1 ЖАКЫРЧЫЛЫКТЫ ЖОЮУ<br><br>2 АЧКАЧЫЛЫКТЫ ЖОЮУ | 1. Социалдык категориядагы жарандарга материалдык жардамдарды берүүнү уюштуруу;<br>2. “Социалдык контракттын” негизинде кичи ишкердикти өнүктүрүү.<br>3. Өндүрүштүк багыттагы кичи цехтерди куруу менен жумуш орундарын түзүү:<br>- Мал союучу цех;<br>- Сүттү кайра иштетүү цехи; |

| | |
|---|---|
| | - Полиэтилен труба чыгаруучу цех; |
| 3 ЖАКШЫ ДЕН СООЛУК ЖАНА БАКУБАТТУУЛУК | Раззаков шаарынын Бөзөгүл жана Жаны конуш-2 участкаларына ФАП куруу |
| 4 САПАТТУУ БИЛИМ<br>5 ГЕНДЕРДИК ТЕҢДИК | Заманбап билим берүү мекемелеринин курулушу:<br>- Ак-Босого айылына 225 орундуу мектеп;<br>- Тайлан айылына 70 орундуу бала бакча;<br>- №2 кичи районго 450 орундуу мектеп; |
| 6 ТАЗА СУУ ЖАНА САНИТАРИЯ | - “Шаардын таза суу түттүктөрүн реконтсрукциялоо” долбоорун ийгиликтүү ишке ашыруу;<br>- №1 кичи райондогу көп кабаттуу үйлөргө септик куруу; |
| 7 АРЗАН ЖАНА ТАЗА ЭНЕРГИЯ | Коомдук пайдалануудагы жерлерге жарык берүү (электр энергиясын үнөмдөөчү чырактар же келечекте күн панельдерине өтүү) |
| 8 ТАТЫКТУУ ЖУМУШ ЖАНА ЭКОНОМИКАЛЫК ӨСҮҮ | Муниципалдык менчиктеги базарларды куруу:<br>- Мал базар жана унаа базар (2024-жылы);<br>- Дүң жан чекене соода-сатык базары (2026-жылы); |
| 9 ИНДУСТРИЯЛАШТЫРУУ, ИННОВАЦИЯ ЖАНА ИНФРАСТРУКТУРА | - Ички жолдорго асфальт төшөө (3 жылда 12 км);<br>- Тротуарларды куруу (3 жылда 12 км);<br>- Жөө өтүүчү көпүрөлөрдү куруу (3 жылда 6 көпүрө);<br>- Жол белгилерин жана видеобайкоо орнотуу; |
| 10 ТЕҢСИЗДИКТИ АЗАЙТУУ | Жалпыга тиешелүү иш-чараларда шаар жана айылдарды бирге камтуу (мисалы: шагыл төшөө, жарыктандыруу, аялдама куруу, балдар аянттары ж.б.) |
| 11 ТУРУКТУУ ШААРЛАР ЖАНА КАЛКТУУ КОНУШТАР | Өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу иш-чаралары:<br>- Кырсыктан алдын алуу иш-чараларын жүргүзүү (СПЛМ);<br>- Турак үйлөрдү селден коргоочу дамбаларды куруу, габион торчолорүн орнотуу; |
| 12 ЖООПКЕРЧИЛИКТҮҮ КЕРЕКТӨӨ ЖАНА ӨНДҮРҮШ | Шаарды таштандылардан тазалоо, алып чыгуу, жок кылуу багытындагы иш-чаралар:<br>- Атайын унаалар менен камсыздоо (кеминде 3 унаа);<br>- Таштанды топтолуучу жайларды уюштуруу;<br>- Таштандыны сортоо жана кайра иштетүү / жок кылуу тажрыйбасын жолго коюу (АРИС долбоору жардамында); |

| | |
|---|---|
| 13 КЛИМАТТЫН ӨЗГӨРҮҮСҮНӨ КАРШЫ КҮРӨШҮҮ | Жашылдандыруу багытындагы иш-чаралар:<br>- Сугат суу скважиналарын чыгаруу (3 жылда 10 скваж);<br>- Шаардын аймагына дарактарды отургузуу (5000 түп); |
| 14 ДЕҢИЗДИН ЭКОСИСТЕМАСЫН САКТОО | Тиешелүүлүгү жок.<br>Бирок жер астынан чыккан сууларды, булактарды сактоо артыкчылыктарын жогорулатуу зарыл (м. Чулгон булагы) |
| 15 ЖЕРДИН ЭКОСИСТЕМАСЫН САКТОО | - Интенсивдүү бактарды отургузуу (50 га);<br>- Жаңы парктарды уюштуруу (м.Талант-Ордо); |
| 16 ТЫНЧТЫК, АКЫЙКАТТЫК ЖАНА НАТЫЙЖАЛУУ ИНСТИТУТТАР | - Коомдук уюмдар менен иштөөнү күчөтүү (жаштар борборунун жана КААБ базасында):<br>- Зордук-зомбулуктун бардык түрлөрүнө каршы күрөшүү (өзгөчө эрте никеге туруу жана ажырашуулардын алдын алуу багытында) |
| 17 ТУРУКТУУ ӨНҮГҮҮ МАКСАТЫНДА ӨНӨКТӨШТҮК | Туруктуу өнүгүү максаттарын ийгиликтүү ишке ашыруу жергиликтүү деңгээлде шаар мэриясы, шаардык кеңеш, жеке сектордун жана жарандык коомдун ортосунда ийкемдүү өнөктөш мамилелерди түзмөйүн мүмкүн эмес.<br>Бул үчүн Раззаков шаарынын мэриясы калк менен бирге чечим кабыл алуу ыкмаларын жолго коюп, жыйындарда, жолугушууларда жана социалдык түйүндөр аркылуу айтылган сунуш-пикирлерди, суранычтарды өзүнө иш-чара кылып өнүктүрүү программасына киргизүү менен, мыйзам талаптарына ылайык аткарууга алат. |